# "Борбор Азия эл аралык медициналык университети" мекемесинин орто кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча эксперттик комиссиянын корутундусу

**Төрага:** ________ колу — Умаров Алымкул Мухтарович
К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ, Кыргыз-Түрк институту, директордун орун басары.

**Комиссия мүчөлөрү – билим берүү программалары боюнча эксперттер**

| № | Программанын аталышы | Шифр | Эксперттердин аты-жөнү | Колу | Иштеген жери, кызматы, ил.даражасы, ил.наамы. |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Финансы (тармактар боюнча) | 080106 | Умаров Алымкул Мухтарович | | К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ, Кыргыз-Түрк институту, директордун орун басары. |
| 2 | Чет тили | 050303 | Казыбекова Махабат Мурзакуловна | | Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, Кочкор-Ата колледжи, чет тили мугалими. |
| 3 | Укук таануу | 030503 | Жусупбекова Бурул Жусупбековна | | Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, Экономика жана укук колледжи, "Укук таануу" ПЦК жетекчиси. |
| 4 | Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (тармактар боюнча) | 220206 | Мамаев Самарбек Сатыбалдиевич | | ОшМУ, Индустриалдык-педагогикалык колледжи, техникалык адистиктер бөлүмүнун башчысы. |

**Референт:** ________ колу — Чолпонбаева Назгул Шалтаковна
ББПУАА, кесиптик билим берүү боюнча менеджери.

**17.03.2026 ж. – 18.03.2026 ж.**

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ББПУАА)

**"Борбор Азия эл аралык медициналык университети" мекемесинин орто кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча эксперттик комиссиянын корутундусу:**

1. **080106 Финансы (тармактар боюнча);**
2. **050303 Чет тили**
3. **030503 Укук таануу**
4. **220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (тармактар боюнча)**

## 1 – Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

**Алсыз жактары:**

1. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча негизги кесиптик билим берүү программалары окуу жайдын миссиясына дал келген, кызыкдар тараптардын суроо талаптарын эске алуу менен түзүлгөн максаттары жана кошумча кесиптик компетенциялары, күтүлүүчү натыйжалары толук иштелип чыга элек.
2. Окуу планындагы атайын кесиптик дисциплиналарда өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн иш берүүчүлөрдүн сунуштамалары каралган эмес.
3. Билим берүү программасынын мазмунуна үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү жана аны жакшыртуу боюнча иш-чаралар жетиштүү деңгээлде жүргүзүлбөйт. Ошондой эле студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо системалуу түрдө ишке ашырылбайт.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын кайра карап чыгуу сунушталат. Анын алкагында мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарын сактоо менен катар, окуу жайдын миссиясына шайкеш келген, кызыкдар тараптардын суроо-талаптарын эске алуу менен так максаттарды аныктоо жана кошумча кесиптик компетенцияларды жана күтүлүүчү натыйжаларын толук иштеп чыгуу зарыл.
2. Окуу планына кирген атайын кесиптик дисциплиналарды кайра карап чыгууда иш берүүчүлөр менен системалуу түрдө иш алып баруу сунушталат.

3. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин билим берүү программаларын өркүндөтүү максатында студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын жана канааттануусун баалоо тартибин иштеп чыгуу жана бекитүү, анын аткарылышын системалуу түрдө талдоо сунушталат.

**1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.**

**2 - Стандарт аткарылып жатат**

**3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо**

**Алсыз жактары:**

1. Окуу жайда студенттер арасында академиялык мобилдүүлүк толук кандуу уюштурулган эмес.
2. Билим берүү программалары студенттердин окуу жүгүнө, жетишкендиктерине мониторинг жүргүүсү жетишсиз.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин студенттер арасында академиялык мобилдүүлүк пландаштырылсын жана ишке киргизилсин.
2. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин билим берүү программалары студенттердин окуу жүгүнө, жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүү механизмин иштеп чыксын жана ишке киргизилсин.

**3 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал**

**Күчтүү жактары:**

1. Колледжде педагогдорду кесиптик жактан колдоо жана стимулдаштыруу механизмдери ишке кирген.

**Алсыз жактары:**

1. “Укук таануу” программасы боюнча кесиптик циклдагы окутуучулардын санын аздыгы.
2. Окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгү жетишээрлик деңгээлде уюштурулган эмес.
3. Кесиптик дисциплиналар боюнча окуу куралдарын жана окуу китептерин иштеп чыгуунун, анын ичинде мамлекеттик тилде, жетишсиздиги.

**Сунуштамалар:**

1. “Укук таануу” программасы боюнча 2026-жылдын 1-сентябрына чейин билим берүү деңгээлин жогорулатуу максатында кесиптик дисциплиналар боюнча кошумча окутуучуларды тартуу.
2. 2026-жылдын 1-ноябрына чейин окутуучулардын кесиптик өнүгүүсүн жана тажрыйба алмашуусун камсыз кылуу максатында академиялык мобилдүүлүк программаларын ишке ашырууну активдештирүүнү сунуштайт.
3. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин кесиптик дисциплиналар боюнча окуу куралдарын жана окуу китептерин, анын ичинде мамлекеттик тилде, иштеп чыгуунун графигин түзүү жана аны ишке ашыруу сунушталат.

**4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**Алсыз жактары:**

1. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча атайын кесиптик аудиториялар мамлекеттик билим берүү стандарттарында көрсөтүлгөн талаптарга ылайык толук уюштурулган эмес.
2. Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык студенттер керектүү сандагы заманбап окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-методикалык материалдары менен жетишээрлик деңгээде камсыз болгон эмес.
3. Окуу жайда мугалимдер жана студенттер үчүн атайын уюштурулган тамактануучу жайдын жоктугу.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча атайын кесиптик аудиториялар мамлекеттик билим берүү стандарттарында көрсөтүлгөн талаптарга ылайык уюштурулсун.
2. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык студенттерди керектүү сандагы заманбап окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-методикалык материалдары менен камсыз

кылуу боюнча планын иштеп чыгуу жана анын жыйынтыктарын жыл сайын талдоо менен аткарылышын камсыздоо сунушталат.

3. 2027-жылдын 1-январына чейин мугалимдер жана студенттер үчүн атайын тамактануучу жайды уюштуруу үчүн мүмкүнчүлүктөр караштырылсын жана ишке киргизилсин.
4. ТОКТОМ укуктук- маалыматтык системасын ишке киргизүү сунушталат.

**5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН БААЛОО

1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
2- Стандарт аткарылып жатат
3- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
5- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**Аккредитациялык чечимдин долбоору**

**"Борбор Азия эл аралык медициналык университети" мекемесинде ишке ашырылып жаткан:**

1. **080106 Финансы (тармактар боюнча);**
2. **050303 Чет тили**
3. **030503 Укук таануу**
4. **220206 Маалыматтарды иштеп чыгуунун автоматташтырылган системалары жана башкаруу (тармактар боюнча)**

**орто кесиптик билим берүү программаларын 5 жылга аккредитациялоону сунуштайт**

**18.03.2026 ж.**